DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2021

## ЮРИДИКАЛЫК ИЛИМДЕР
## ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ
## LEGAL SCIENCES

*Абдикерим кызы Г.*

# АДВОКАТ-ЖАКТООЧУНУН УКУКТУК АБАЛЫ ЖАНА АНЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Абдикерим кызы Г.*

# ПРАВОВОЙ СТАТУС АДВОКАТА-ЗАЩИТНИКА И ВОПРОСЫ ЕГО СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ

*Abdikerim kyzy G.*

# THE LEGAL STATUS OF A LAWYER AND ISSUES OF ITS IMPROVEMENT

УДК: 347.965.122

*Макала адвокат-жактоочунун укуктук статусун ачууга, ошондой эле, бул статусун дагы жогорулатып өркүндөтүүгө арналган. Автор адвокаттын укуктук статусун жана бул укуктук институттун заманбап укуктук мамлекетте маанилүүлүгүн изилдөө зарылдыгын белгилейт. Теманын актуалдуулугу бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын адвокатурасынын жана адвокаттын ишмердүүлүгүнүн укуктук базасын түзүү жана өнүктүрүү баскычында экендиги, бул "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алуу менен аныкталат экендигин белгилейт. Автор тарабынан индукция, дедукция, талдоо, синтез, салыштыруу сыяктуу илимий изилдөө ыкмалары толугу менен колдонулган. Изилдөөнүн натыйжасында, бүгүнкү күндө, Кыргызстандын адвокаттар коомчулугуна, жарандарга көрсөтүлүүчү адвокат-жактоочунун кызматтарынын сапатын сактоо максатында, квалификацияны жогорулатуу курсун иштеп чыгуу боюнча жоопкерчилик жүктөлүшү керек деген тыянак чыгарылды.*

***Негизги сөздөр:*** *адвокат, билим берүү, сапат, коргоо, ишмердүүлүк, жарандык коом, принциптер, адвокатура, институт, укуктук мамлекет.*

*Статья посвящена раскрытию вопроса правового статуса адвоката-защитника, а также вопросам совершенствования этого статуса. Автором аргументируется необходимость изучения правового статуса адвоката и важность данного института в современном правовом государстве. Актуальность темы определяется тем, что Кыргызстан в настоящее время находится на этапе становления и развития правовой базы деятельности адвоката и адвокатуры, что определяется принятием Закона Кыргызской Республики «Об Адвокатуре Кыргызской Республике и адвокатской деятельности». Автором в полной мере использованы методы научного исследования, такие как: индукция, дедукция, анализ, синтез, сравнение. Посредством проведенного исследования, делается вывод о том, что сегодня адвокатскому сообществу Кыргызстана должна быть возложена ответственность по разработке курса повышения квалификации для того, чтобы поддерживать качество предоставляемых гражданам услуг адвоката-защитника.*

***Ключевые слова:*** *адвокат, образование, качество, защита, деятельность, гражданское общество, принципы, адвокатура, институт, правовое государство.*

*The article is devoted to the disclosure of the legal status of a lawyer-defender, as well as the improvement of this status. The author argues the need to study the legal status of a lawyer and the importance of this institution in a modern legal state. The relevance of the topic is determined by the fact that Kyrgyzstan is currently at the stage of formation and development of the legal framework for the activities of lawyers and advocates, which is determined by the adoption of the Law of the Kyrgyz Republic "On the Advocacy of the Kyrgyz Republic and advocacy". The author fully used methods of scientific research, such as: induction, deduction, analysis, synthesis, comparison. Through the study, it is concluded that today the Kyrgyz lawyer community should be given the responsibility of developing a continuing education course in order to maintain the quality of the services of a lawyer-defender.*

***Key words:*** *lawyer, education, quality, defense, activity, civil society, principles, advocacy, institute, rule of law.*

КМЖ өлкөлөрүнүн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын саясий жана экономикалык тутумунда болуп өткөн түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр, мамлекеттин жана коомдун бардык чөйрөлөрүндө глобалдуу өзгөрүүлөргө алып келди, демек, адвокаттын ишмердүүлүгүнүн уюштуруу принциптерин жана мыйзамдык негиздерин түп-тамырынан кайра карап чыгууну талап кылган принципиалдуу жаңы укуктук кырдаал жаралды [1, 9-15-бб.].

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө" Мыйзамынын кабыл алынышы, адвокатуранын жарандык коом институттарына таандык экендигин жана ага коомдук укуктун айрым функцияларын жүктөө мыйзамдуу түрдө жол-жоболоштурулган. Мындан тышкары, ушул Мыйзамдын кабыл алынышы менен квалификациялуу юридикалык жардам алууга, конституциялык укукту жүзөгө ашыруунун негизги предмети, илимий изилдөөгө кызыккан, - адвокат пайда болду.

Азыркы шарттарда Кыргыз Республикасы, учурунда чоң мааниге ээ болгон, адвокатуранын ишмердүүлүгүнүн жаңы укуктук негиздемесин калыптандыруу баскычында турат. Мамлекетте компетенттүү жана квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө жөндөмдүү адамдардын болушу, бүтүндөй коомдун гармониялуу жашоосунун күрөөсү болуп кызмат кылат [2, 63-70-бб.].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Адвокаттын ишмердүүлүгү, адвокат менен мамлекеттик органдардын ортосундагы мамилелерди, анын көз карандысыздыгын, корпоративдүүлүгүн жана өзүн-өзү башкаруу принциптерин эске алуу менен, так мыйзамдуу жөнгө салууну талап кылган, сот адилеттигин жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган – соттун иши менен байланышкан, коомдук-укуктук мүнөзгө ээ.

Адвокат макамын алуунун тартибин жана шарттарын, бул адистин көз карандысыздыгын, адвокаттык ишмердүүлүктүн корпоративдик кыйла татаал тутумун (адвокаттык этиканы сактоо, адвокаттын статусун токтото туруу жана андан ажыратуу тартиби) ж.б.у.с. камсыз кылган адвокаттык ишмердүүлүк, Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруучусу тарабынан кепилденген кесиптик квалификациялуу юридикалык жардам катары аныкталат. Ушуга байланыштуу, "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө" Мыйзамында адвокаттык ишмердүүлүктүн башка субъекттер (юридикалык жактардын юридикалык кызматтарынын, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкелери, юридикалык жактар жана жеке ишкерлер, нотариустар, же профессионалдык ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырууга, адам укуктары боюнча, прокуратура, профсоюздар ж.б., мыйзам менен ыйгарым укук берилген башка адамдар тарабынан) көрсөткөн юридикалык жардамдан айырмасы көрсөтүлгөн [3, 180-185-бб.].

Адвокаттык ишмердүүлүктөн айырмаланып, башка субъекттер тарабынан көрсөтүлүүчү юридикалык жардам, бул адамдардын ишмердүүлүктөрүнүн бирден-бир же коштоочу түрү эмес, ал органдардын, уюмдардын, бөлүмдөрдүн ишмердүүлүктөрүнүн предметине байланышкан маселелердин белгилүү бир чөйрөсүндө гана жүзөгө ашырылат же эмгек (кызмат) мамилелеринин чегинде көрсөтүлөт [1, 9-15-бб.].

Адвокаттык ишмердүүлүккө жакыныраак бул коммерциялык ишканалар түрүндө түзүлгөн же жеке ишкерлер уюштурган юридикалык фирмалардын ишмердүүлүгү. Ишмердүүлүктүн негизги түрү катары мындай субъекттер коммерциялык негизде юридикалык кызматтарды (юридикалык жардам) көрсөтүү менен алектенишет. Бирок, алардын ишмердүүлүгүнүн коммерциялык мүнөзүн адвокаттык практикадан негизги айырма катары кароого болбойт.

Кыргыз Республикасында демократиялык реформалардын башталышы менен адвокатуранын позициясы өзгөрө баштагандыгын белгилей кетүү керек.

Коомдун жашоо принциптери өзгөрдү, мамлекеттүүлүк кыймылынын максаты укуктук мамлекетти куруу жарыяланды. Натыйжада, адвокатура коомдун жана анын ар бир мүчөсүнүн кызыкчылыктарын коргоого багытталган көз карандысыз мамлекеттик институттун өзгөчөлүктөрүнө ээ боло баштады [1, 9-15-бб.; 2, 63-70-бб.]. Адвокатуранын жаңы ордун түшүнүү менен, адвокатураны мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумуна кирбеген, жарандык коомдун институту катары караган, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө» Мыйзамынан, адвокатуранын көз карандысыздыгын көрүүгө болот.

Жарандык коомдо укуктарды коргоо механизмдери, мамлекеттин көзөмөлүндө турган, коомдо иштөө механизмдеринен айырмаланып турат. Бул жерде жарандык демилгелер биринчи орунда турат. Адвокатура ушул демилгелерди ишке ашырууда жардамчы болууга чакырылган. Ушуга байланыштуу, бүтүндөй мамлекеттин, айрыкча укук коргоо органдарынын коомдук көзөмөлдөө процесстеринде чоң ролду ойногон, адвокаттын статусу көз карандысыз кесипкөй юрист катары аныкталат.

Адвокаттар көрсөткөн юридикалык жардам Мыйзам тарабынан квалификациялуу деп эсептелет. Квалификациялуу юридикалык жардамды, анын сапатына кепилдик берген, ушул чөйрөдөгү билимдерин жана көндүмдөрүн тастыктаган, атайын субъект тарабынан көрсөтүлгөн юридикалык жардам катары кароого болот [4, 26-32-бб.].

Конституциялык норманы иштеп чыгууда, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө» Мыйзамда, адвокаттык ишмердүүлүктүн негизги багыты – квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча так аныктама берилген. Ушул Мыйзамдын кабыл алынышы, адвокатуранын жарандык коом институттарына таандыктыгын жана ага коомдук укуктун айрым функцияларын жүктөөнү мыйзамдуу жол-жоболоштурду. Ошол эле учурда, анын кабыл алынышы, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарыяланган конституциялык укукту жүзөгө ашыруу менен, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын адвокатурасынын уюштуруучулук аспекттилери менен да, байланышкан бардык көйгөйлөрдү түп-тамырынан чече алган жок. «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө» Мыйзамдын жоболорун жүзөгө ашыруу, азыркы учурда республиканын аймагында адвокатуранын иштешин камсыз кылган башка ченемдик укуктук актылар менен бирдикте жүргүзүлүшү керек. Адвокатура институтун мыйзамдаштырууда кыйынчылыктар бир нече факторлордон улам келип чыгышы мүмкүн. Биринчиден, адвокаттык ишмердүүлүктү өркүндөтүү соттук укуктук реформасынын алкагында болушу керек. Мындан тышкары, сөзсүз түрдө, адвокатуранын ишмердүүлүгү белгилүү бир чектерде гана (түшүнүк, принциптер, кепилдиктер) нормативдик жөнгө салынат. Экинчиден, жана эң негизгиси, «Адвокатура жөнүндө» Мыйзам, квалификациялуу юридикалык жар-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



дам көрсөтүү ачык-укуктук милдеттенмеси жүктөлгөн, өзүн-өзү башкаруучу, укук жаатындагы профессионалдардын көз карандысыз корпорациясы – граждандык коомдун өзгөчө элементи катары адвокатуранын өнүгүп келе жаткан тутумун нормативдик түрдө түзүшү керек [5, 149-б.].

Белгилей кетүүчү нерсе, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө» Мыйзамдын кабыл алынышы менен сот реформасынын мыйзам чыгаруу процессинин дагы бир этабы аяктады. Адвокатура, сот тутумунун ажырагыс элементи катары, буга чейин, мыйзам иштеп чыгуу стадиясында болгон. Адвокаттык ишмердүүлүктүн субъектти болуп адвокат гана эсептелет, б.а. мыйзамда белгиленген тартипте адвокаттык статуска ээ болгон, укуктук маселелер боюнча кесипкой кеңешчи. Адвокат макамын алуунун шарттары жана тартиби адвокаттын кесипкөйлүгүнүн кепилдиги болуп саналат. Кесипкөйлүк, ошол эле учурда, адвокат үчүн укуктук жардам көрсөтүү – ишмердүүлүгүнүн негизи түрү экендигин, ошондой эле, көрсөтүлгөн жардамдын сапатынын белгилүү бир кепилдиги бар экендигин билдирет. Бул башка жактар (нотариус, прокуратура, юридикалык фирмалар ж.б.) көрсөткөн укуктук жардамдан айырмалоочу, адвокаттык ишмердүүлүктүн негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири. Адвокаттык ишмердүүлүктү укуктук жардамдын башка формаларынан айырмалоого маани бербеген 1980-жылкы Жободон айырмаланып, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө» Мыйзамы буга өзгөчө көңүл бурат [6].

«Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө» Мыйзам, 1980-жылдагы Жобого салыштырмалуу, адвокатуранын кесипкөйлүгүн өркүндөтүүгө багытталган бир катар динамикалык кадамдарды жасады. Ошентип, квалификациялык экзаменди киргизүү жолу менен адвокатурага кирүү критерийлерин аныктоого формалдуу мамиле жокко чыгарылды. Мындан тышкары, «Адвокатура жөнүндө» Мыйзамда, соттуулугу жоюлбаган же алынып салынбаган адамдардын, адвокат макамын алууга кайрылууга укугу бар адамдардын катарынан чыгарылганы, маанилүү. Эгерде, 1980-жылдагы «Кыргыз ССРинин адвокатурасы жөнүндө» Жобо адвокатураны, анын милдетине, анын ичинде, социалисттик мыйзамдуулукту жана тарбиялоо функцияларын күчөтүүгө милдеттендирүү менен, өзүнүн максаттарындагы, укук коргоо органдары менен теңештирсе, анда, Мыйзам адвокатурага, жарандардын жана уюмдардын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын коргоо, сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылуу анын чыныгы, тарыхый миссиясына негизделген, чындыгында ага жүктөлгөн милдеттерди гана калтырган.

Экономиканы жөнгө салуунун административдик-командалык ыкмаларынын доорунда, адвокаттык жана ишкердик ишмердүүлүктүн катышы жөнүндө суроо Кыргызстандын мыйзам чыгаруучусу тарабынан каралган эмес. Актуалдуу болуп калган учурдагы шарттарда, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө» Мыйзам, адвокаттык ишмердүүлүктүн коммерциялык эмес мүнөзүнө көңүл бурат. Адвокатура институту, жарандык коомдун институту болуу менен, сот адилеттигин орнотууда жана жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын коргоодо өзгөчө ролду ойнойт. Адвокатуранын негизги максаты – бүткүл коомго жана анын мүчөлөрүнө социалдык маанилүү, жогорку квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү. "Адвокат белгилүү бир жаранды да, мыйзамды да өзүм билемдиктен коргойт, ошондуктан, адвокаттын ишмердүүлүгү белгилүү бир жарандын же уюмдун кызыкчылыктарына, ошондой эле, мамлекеттин жана коомдун ачык-укуктук кызыкчылыктарына жооп берет" [7].

Юристтер арасындагы укуктук реформанын жүрүшүн баалоо максатында, Америка Юристтер Ассоциациясы (ABA / Ceeli) тарабынан Борбордук Европа жана Евразия өлкөлөрү үчүн укуктук демилгелер Программасынын отчету иштелип чыккан «Кыргызстан үчүн укуктук кесиптин (адвокатуранын) реформасынын индекси (IRPP)». Бул долбоордун алкагында, учурдагы мыйзамдарды, статистикалык маалыматтарды иликтөө жана талдоо, жеке практик адвокаттар, судьялар, ошондой эле, мамлекеттик түзүлүштөрдүн айрым өкүлдөрү менен көптөгөн маектешүүлөр учурунда маалыматтарды жалпылоо жүргүзүлдү.

Ошентип, көпчүлүк эксперттердин пикири боюнча, Кыргызстандагы адвокаттар олуттуу кесиптик укуктарга жана кепилдиктерге, анын ичинде, алардын ишмердүүлүгүнө сырткы кийлигишүүнү сезбестен, укуктук практикада мыйзамды колдонуу эркиндигине ээ. Албетте, адвокаттарды кысымга алуу жана коркутуп-үркүтүү учурлары бар, бирок, мындай учурлар эрежеден тышкары. Адвокаттын ишмердүүлүгүнө тышкы кийлигишүүгө келсек, ал коркутуу түрүндө болот, бирок физикалык зомбулук эмес. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрү тарабынан, кээде адвокатты ишти таштап кетүүгө көндүрүү аракеттери орун алган, ошондой эле, каршы тараптын туугандары адвокаттарга кысым көрсөтүп жатышкан учурлар да болот [1, 9-15-бб.; 2, 63-70-бб.; 3].

Албетте, бул адвокаттардын өз кардарларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого терс таасирин тийгизет.

«Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесине ылайык [7], адвокатурада кесиптик билим берүүнү жана адвокаттардын квалификациясын жогорулатууну уюштуруу максатында көз карандысыз юридикалык жак болуп саналган, Окуу борбору

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



бар. Ушуну менен катар, квалификацияны жогорулатбоо, адвокаттык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө болгон укугунун лицензиясынан ажыратуу үчүн негиз болуп саналат. Ошол эле учурда, квалификацияны жогорулатуунун милдеттүү механизми иштелип чыкмайынча, мындай абал декларативдүү болуп саналат. Атайын окуу борборлорунда же башка билим берүү уюмдарында адвокаттардын квалификациясын системалуу түрдө өркүндөтпөстөн жана учурдагы адвокаттар тарабынан квалификациялары такай такталбай туруп, жарандардын квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укугу талаптагыдай деңгээлде камсыз кылынбайт. Буга байланыштуу, Франциянын тажрыйбасын алуу керек, ал жерде адвокаттар беш жылда бир жолу квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшүп, тиешелүү күбөлүктү алышы керек, ал эми мындай күбөлүгү жок адвокаттар кесиптик жоопкерчилигин камсыздандыруу үчүн жогорулатылган акыларды төлөшөт.

Укуктук жардамдын сапатын жогорулатуу, кесиптик наамдарды түзүүгө көмөктөшөт. Адвокаттын наамы адвокаттын кесиптик сапатын аныктоонун критерийи болот. Рангдарды ыйгаруу, жалпы эреже боюнча, адвокаттык ишмердүүлүктүн стажынын негизинде, автоматтык түрдө жүргүзүлүшү керек. Адвокаттык ишмердүүлүктө өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн адвокаттык рангдарды кезексиз ыйгарууга жол берилет. Рангдарды ыйгаруу адвокаттар кеңешинин ыйгарым укуктарына берилиши керек, ал эми, рангдар жөнүндө жазуу юстиция органдары тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн [8].

Учурдагы шарттарда адвокаттын укуктук статусун эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын учурдагы укуктук тутумундагы адвокаттын ролу жана орду мамлекеттик бийликти өзүн-өзү чектөөнүн жолдорунун бири катары мүнөздөлө тургандыгын белгилей кетүү керек, анын жардамы менен жарандардын өз укуктарын жана эркиндиктерин толук ишке ашырууга жана коргоого көмөктөшүүчү жарандык коом институту түзүлөт.

Эгерде, Кыргыз ССРинин 1980-жылдагы Жобосу, адвокатка иш өндүрүшүн жүргүзүп жаткан жактарга, мисалы, прокурорго, судьяга, тергөөчүгө, салыштырмалуу роль жүктөсө, ал эми укуктарды жүзөгө ашыруу социалисттик укуктук мамилелерди коргоого багытталган болсо, анда азыркы учурда, адвокаттык ишмердүүлүктүн негизги максаты квалификациялуу укуктук жардам көрсөтүү аркылуу коомдун жана ар бир жарандын кызыкчылыктарын коргоого багытталган.

Адвокаттар көрсөткөн юридикалык жардам Мыйзам тарабынан квалификациялуу деп эсептелет. Квалификациялуу юридикалык жардамды, анын сапатына кепилдик берген, ушул чөйрөдөгү билимдерин жана көндүмдөрүн тастыктаган, атайын субъект тарабынан жүзөгө ашырылган, укуктук жардам катары кароого болот [9].

Адвокат коомчулугу өзүнүн өнүгүшүнүн азыркы баскычында, стандарттарды белгилөөдө жана кесиптик практикага кабыл алуу процессин башкарууда, чечүүчү ролду ойношу керек.

Үзгүлтүксүз укуктук билим берүү тутуму аркылуу юридикалык кызматтардын сапатынын жогорку стандарттарын сактоо максатында, адвокаттардын кесиптик бирикмесине, үзгүлтүксүз билим берүү курстарына талаптарды иштеп чыгуу үчүн, жоопкерчилик жүктөлүшү керек.

**Адабияттар:**


1. Исаева К.А., Абдукаримова Н.Э., Воронцова И.Н. К вопросу об отдельных тенденциях и реформирования уголовно-процессуального законодательства в странах СНГ // «Полицейская и следственная деятельность» журн. 2018. №2.- б.9-15. [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: // https: //www. nbpublish. com/library_ read_ article. php?id=26774
2. Абдукаримова Н.Э., Исаева К.А., Мадмарова Э.А. К вопросу о квалифицированной юридической помощи в контексте реформирования законодательства в Кыргызской Республики // «Право и политика» журналы. 2018. №7. - б. 63-70. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: // https:// www.nbpublish.com /library_ read_article. php?id=26771
3. Исаева К.А., Мадмарова Э.А. Уголовно-процессуальная регламентация функционирования института защиты в правовой системе стран СНГ. / «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» журналы. 2017. №7. - б. 180-185. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: // https://www.elibrary.ru/download/elibrary_30484409_89432198.pdf
4. Палеев И.М. Адвокатское право в системе адвокатских образований: сравнительно-правовой анализ // Гражданин и право. - М.: Новая правовая культура, 2010, №7. - Б.26-32
5. Сергеев В.И. Адвокат и адвокатура. ЖОЖга Окуу курал - М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2003. - 176 б.
6. «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу // [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: // http://cbd. minjust. gov.kg/act/ view/ru-ru/111428/10?cl=ky-kg&mode= tekst
7. Сергеев В.И. Закон об адвокатской деятельности и установившийся стандарт преподавания в вузах страны специальной юридической дисциплины "Адвокатура в Российской Федерации". Точки соприкосновения и противоречия // Юридическое образование и наука. - М.: Юрист, 2004, №1. - Б.22-27
8. Азизов И.Б. Стандарт адвокатской практики №1 "Общие вопросы деятельности адвокатских организаций" (проект) // Адвокатура Узбекистана: содействие в реформировании (предложения по законодательству и адвокатской практике). - Ташкент, 2002. - Б.184-197
9. Просвиркин А.Н. Адвокатская деятельность и социально-правовой опыт как элементы адвокатской практики // Актуальные проблемы российского права. / Сборник научных трудов. - М., 2005, Вып. 1. - Б.289-296.